*Жакан элчинин I каты*

**1**

## Өмүр сөзү — Иса

[1] Тээ башынан эле бар болгон, биз угуп, өз көзүбүз менен көргөн өмүр
сөзүжөнүндө. Биз аны карап, колубуз менен кармап көргөнбүз. [2-3] Ошол өмүр
бизге өзүн ачып, белгилүүкылды. Биз аны көрдүк. Эми, силер да биз менен
жакын мамиледе болууңар үчүн, Кудай Атабыз менен бирге болгон, өзүбүз
уккан жана көргөн ошол түбөлүк өмүр тууралуу силерге күбөлүк катары
айтып, маалымдап жатабыз. Ал эми биз болсо Кудай Атабыз жана анын Уулу
Иса Машайак менен жакын мамиледебиз. [ч] Кубанычыбыз толук болсун деп,
бул кабарды силерге да жазып олтурабыз.

## Кудай — Нур

[5] Кудай — нур, анда караңгылык жок. Биз бул сөздү анын өз оозунан
укканбыз, эми силерге айтып берип жатабыз. Эгер аны менен мамилебиз бар
деп, бирок караңгыда жүрсөк, анда бизде акыйкат жок. [6] Эгерде ал өзүнурда
жүргөндөй биз да нурда жүргөн болсок, анда бири-бирибиз менен жакын
мамиледе болобуз жана анын Уулу Исанын каны бизди бардык күнөөлөрдөн
жууп турат. [8] Эгер күнөөбүз жок десек, аөзүбүздүалдаганыбызакыйкбе
жоктугу. [9] Эгер күнөөлөрүбүздүмоюнга алып, ачыкка чыгарсак, анда ал бизди
күнөөлөрүбүздөн куткарат жана бардык арамдыктан тазалайт. Анткени ал
өзүишенимдүүжана адил. [10] Эгер күнөө кылган эмеспис десек, анда аны
калпычы кылганыбыз жана анын сөзүбизде жок.

**2**

## Иса Машаяк биздин коргоочубуз

[1] Балакайларым, мен муну силерди күнөө кылбасын деп жазып олтурам. А
эгер бирөөңөр күнөө кылып алсаңар, анда Кудай Атабыз берген адил
коргоочубуз - Иса Машайак бар. [2] Ал биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилиши
үчүн өзүн курман кылды. Биздин гана эмес, бүткүл адамзаттын күнөөлөрүнүн
кунун төлөдү.

## Кудайдын осуяттарын сактап жашайлы

[3] Кудайды тааныганыбызды анын осуяттарын сактаганыбыздан билебиз.
Кудайды тааныйм деп, бирок осуяттарын сактабаган адам жалганчы жана
анын жандүйнөсүндө акыйкат жок. [5] Эгер кимде ким Кудайдын сөзүн сактап
жашаса, анда акыйкатта Кудайдын сүйүүсүанын жандүйнөсүндө баралына
жеткен. өзүбүздүн Кудай менен экенибизди биз ушундан билебиз. [6] Кудай

менен жашап жатам деген ар ким Исадай өмүр сүрүшүкерек. 7 Сүйүктүүлөрүм,
мен силерге жаңы эмес, тээ башынан эле араңарда белгилүүэски осуятты
жазып жатам. Бул эски осуят силер мурда (Исага ишене баштагыңарда) уккан
сөз. 8 Ошондой болсо да мен силерге кайрадан жаңы осуятты жазып отурам.
Ал Исада да, бизде да ак экен, себеби азыр караңгылык тарап, чыныгы жарык
нурун төгө баштады. 9 "Мен нурда жашап жатам" деп, бирок өз боордошун жек
көргөн адам дале караңгыда. 10 өз боордошун сүйгөн адам нурда жана анын
ичинде азгырык жашабайт. Ал эми өз боордошун жек көргөн адам болсо
караңгыда жашап, караңгынын ичинде темселеп жүрөт. Ал өзүнүн кайда
баратканын түшүнбөйт, анткени караңгы анын көзүн сокур кылып салган.

12 Балакайлар, силерге жазып жатам,
анткени Исанын атынан күнөөлөрүңөр кечирилген.
13 Аталар, силерге жазып жатам,
анткени силер аны тээ башынан билесиңер.
Жаштар, силерге жазып жатам,
анткени силер азгырыкты жеңдиңер.
14 Бөбөктөр, силерге жаздым,
анткени силер Кудай Атаны таанып калдыңар.
Аталар, силерге жаздым,
анткени силер аны тээ башынан билесиңер.
Жаштар, силерге жаздым,
анткени силер күчтүүсүңөр. Силердин жандүйнөңөрдө Кудайдын
сөзүжашап, азгырыкты жеңип чыктыңар.

## Бул күнөөкөр дүйнөнүсүйбөйлү

15 Бул күнөөкөр дүйнөнү жана андагы эч нерсени сүйбөгүлө. Ким бул
дүйнөнү сүйсө, анда анын ичинде Кудай Атабыздын сүйүүсү жашабайт.
16 Себеп дегенде бул дүйнөдөгүнүн баары — адам баласынын денесинин
кумары, көзүнүн кызыкканы жана оокат-ашы, иши менен мактанып,
көпкөндүгү — Кудай Атабыздан эмес, алар бул күнөөкөр дүйнөдөн. 17 Бул
дүйнө да, анын лаззаттары да өтүп кетет. Ал эми Кудайдын каалоосун аткарып
жашаган адам түбөлүккө өмүр сүрөт.

## Акыр заман белгиси

18 Балакайлар, акыр заман келип калды. Тажаал келет деп укканыңардай,
азыр тажаалдар көбөйүп кетти. Акыр замандын келгенин ушундан билебиз.
19 Алар биздин эле арабыздан чыгышты. Бирок эч качан биз тарапта болушкан
эмес, анткени эгер биз тарапта болушкан болсо, анда биз менен калышмак.
(Алардын бизден чыгып кеткенинен улам) баары эле биздикилерден эмес
экендиги белгилүүболуп калды.

## Кудай берген билим

20 Силерде Ыйык Рухтан берилген билим бар, ошондуктан баарын

билесиңер. 21 Силерге акыйкатты билбейсиңер деп жазып жаткан жерим жок,
анткени силер акыйкатты да, ар кандай жалгандын акыйкат тарабынан
келбесин да билесиңер. 22 Исанын (куткаруучу) Машаяк экенин четке каккан
жалганчы эмей ким болмок эле. Ал Кудай Атабызды да, анын Уулун да танган
Тажаалдын дал өзү. 23 Кимде ким Кудай Уулун четке какса, ал Кудай Атаны да
четке кагат. Кимде ким Кудай Уулун кабыл алганын ачык айтса, демек ал
Кудай Атаны да кабыл алган.

### Ак жолдон адаштыргандардан сак болгула

24 Силер эң башында уккан сөздүсактап жашагыла. Эгер ошол сөз
көкүрөгүңөрдө бар болсо, анда Кудай Уулу менен Кудай Атанын кучагында
болосуңар. 25 Ал эми бизге түбөлүк өмүрдүберем деп Кудай өзүубада кылган.
26 Мен муну силерди ак жолдон адаштыргандардан (сак болушуңар үчүн)
жаздым. 27 Кудай силерге өзгөчө билим берген, ошол билим жандүйнөңөрдө
жашап жатат жана башка бирөөнүн окутканына муктаж эмессиңер. Кудай
берген билим силерге баарын үйрөтүп жатат, ал жасалма эмес, чыныгы билим.
Ошондуктан силерди мурда кандай окутушкан болсо, ошол окуу боюнча
жашагыла. 28 Эми, балакайлар, Иса келгенде анын алдында уят болбостон,
жүзүбүз жарык болсун үчүн дайыма аны көкүрөгүңөргө сактап жашагыла.
29 Кудайдын адил экенин билсеңер, анда адил жашаган ар адамдын Кудайдан
туулгандыгын билесиңер.

## 3

### Биз Кудайдын балдарыбыз

1 Карагылачы, бизди Кудайдын балдарысыңар деп атап, Атабыз кандай
чоң сүйүүсүн көрсөткөн. Биз чынында эле Кудайдын балдарыбыз. Бул
дүйнөнүн бизди түшүнбөгөндүгүнүн себеби — анын Кудайды
түшүнбөгөндүгүндө. 2 Сүйүктүүлөрүм, азыр биз Кудайдын балдарыбыз жана
келечекте ким болорубуз али ачыла элек. Ошондой болсо да Иса келгенде ага
окшоп каларыбызды билебиз, анткени анын кандай экенин көрөбүз. 3 Ушундай
үмүт менен жашаган ар ким Иса таза болгон сыңар, өзүн тазалап турат.

### Кудайдын балдары күнөө кыла бербейт

4 Күнөө кылган ар адам Кудайдын мыйзамын бузат, анткени күнөө - бул
Кудайдын мыйзамын бузгандык. 5 Исанын күнөөлөрдүалып салуу үчүн
келгенин жана анын өзүндө эч кандай күнөөнүн болбогонун силер билесиңер.
6 Ким дилинде Иса менен жашаса, ал күнөө кылбайт. Күнөө кылуучу ар адам
аны көргөн да, таанып-билген да эмес. 7 Балакайлар, эч ким силерди ак жолдон
адаштырбасын. Адил жашаган ар ким Исанын өзүсыяктуу адил. 8 Ким күнөө
кыла берсе, анда ал иблистен, анткени иблис башынан бери эле күнөө кылып
келатат. Кудай Уулу болсо иблистин ошол иштерин талкалоо үчүн келди.
9 Ким Кудайдын баласы болсо күнөө жасай бербейт, анткени анын ичинде

Кудайдын сөзүжашап турат. Ал күнөө жасай да албайт, анткени ал Кудайдын
баласы. 10 Кудайдын балдарын иблистин балдарынан мындайча ажыратып
билсек болот: адил өмүр сүрбөгөн, андан да, өз боордошун сүйбөгөн адам
Кудайдан эмес.

### Бири-бирибизди сүйөлү

11 Силер башында уккан кабар бул: биз бири-бирибизди сүйүшүбүз керек.
12 өз агасын өлтүргөн азезилдин баласы Кабыл сыяктуу болбойлу! Ал өз бир
тууганын эмне үчүн өлтүрдү? Анткени жасаган иши жамандык болчу, ал эми
агасыныкы Кудай алдында ак эле. 13 Боордоштор, эгер бул күнөөкөр дүйнө
силерди жек көрүп жатса таң калбагыла! 14 Биз өлүмдөн өмүргө өтүп
кеткенибизди билебиз, анткени боордошторубузду сүйөбүз. Ал эми
боордошторун сүйбөгөн адам али өлүмдүн кучагында. 15 Кимде ким өз
боордошун жек көрсө, анда ал киши өлтүргүч. Ал эми силер билесиңер:
Кудайдагы түбөлүк өмүргө эч бир киши өлтүргүч ээ эмес. 16 Сүйүүнүн кандай
экенин мындан билебиз: Иса биз үчүн өз жанын кыйды. Биз да өз
боордошторубуз үчүн жаныбызды кыюуга даяр болушубуз керек. 17 Эгер
оокаттуу бир адам боордошунун муктаждыгын көрүп туруп, көрмөксөнгө
салса, анда кантип анын ичинде Кудайдын сүйүүсүжашай алат? 18 Балакайлар,
сөз жана тил менен эмес, иш жүзүндө жана акыйкат менен сүйөлү. 19 өзүбүздүн
акыйкаттан экенибиздин ушундан билебиз жана акыл-сезимибизди
тынчтандырабыз. 20 Анткени эгерде бизди акыл-сезимибиз айыптап жатса,
анда Кудай биздин акыл-сезимибизден алда канча бийик, ошондуктан ал
баарын билет. 21 Сүйүктүүлөрүм, эгерде бизди акыл-сезимибиз айыптабаса,
анда Кудай алдында жүзүбүз жарык болот. 22 Демек, андан эмне сурасак да
алабыз, анткени анын осуяттарын сактап, каалоолорун аткарып жүрөбүз.
23 Уулу Иса Машаякка ишенип, ал калтырган осуяттагыдай бири-бирибизди
сүйүшүбүз — бул Кудайдын осуяты. 24 Кудайдын осуяттарын сактап өмүр
сүргөн адам Кудай менен бирге, ал эми Кудай болсо аны менен бирге жашайт.
Кудайдын биз менен бирге жашап жаткандыгын анын бизге берген рухунан
билебиз.

## 4

### Ар кимге эле ишене бербегиле

1 Сүйүктүүлөрүм, ар кандай эле рухка ишене бербегиле. Кудайданбы же
жокпу, текшерип көргүлө, анткени көптөгөн жалган пайгамбарлар дүйнөгө
толуп алышты. 2 Кудайдын Рухун мындан билсеңер болот: Иса Машаяктын
адам болуп келгенин түз айткан ар рух Кудайдан, 3 ал эми Исаны түз айтпаган
ар рух Кудайдан эмес, тажаалдан. Биз мурда тажаал келет деп укканыбыздай,
ал азыр дүйнөдө. 4 Балакайлар, силер Кудайдансыңар жана тажаалды жеңип
чыктыңар, анткени силердин ичиңерде Жашоочу бул дүйнөдө жашоочудан

чоң. 5 Алар бул дүйнөдөн, ошондуктан дүйнөнүкүн сүйлөшөт жана бул
дүйнөнүн адамдары аларды угат. 6 Биз болсок Кудайданбыз. Кудайды
тааныгандар бизди угушат. Кудайдан болбогондор бизди укпайт. Акыйкаттын
руху менен адаштыруучунун рухун ушундан ажыратып тааный алабыз.

## Сүйүү Кудайдан

7 Сүйүктүүлөрүм, бири-бирибизди сүйөлү, анткени сүйүү — Кудайдан.
Дилинде сүйүүжашаган ар ким Кудайдан туулган жана Кудайды билет.
8 Сүйүүсү жок адам Кудайды билбейт, анткени Кудай — сүйүү. 9 Ал бул
дүйнөгө жалгыз Уулун жиберип, бизди ал аркылуу чыныгы өмүргө ээ болсун
деди. Кудайдын бизге болгон сүйүүсүушундан белгилүүболду. 10 Биз Кудайды
биринчи сүйгөн жокпуз, тескерисинче, ал бизди биринчи сүйүп,
күнөөлөрүбүздүн куну төлөнүшүүчүн Уулун жиберди. Сүйүүнүн чыныгы
мааниси мына ушунда. 11 Сүйүктүүлөрүм, Кудай бизди ушундай сүйүп жаткан
соң, биз да бири-бирибизди сүйүшүбүз керек. 12 Кудайды эч ким, эч качан
көргөн эмес. Эгерде бири-бирибизди сүйсөк, анда демек, Кудайдын биздин
ичибизде жашап, анын сүйүүсүнүн бизде жеткилең болгону. 13 Өзүбүздүн Иса
менен жана Исанын биз менен бирге жашап жатканын Кудай берген Рух
аркылуу билебиз. 14 Кудай Атабыз өз Уулун бул дүйнөнүкуткаруу үчүн
жибергенин көрүп, эми күбөлүк берүүдөбүз. 15 Кимде ким Исанын Кудай Уулу
экенине кепилдикке өтсө, анда Кудай анын менен жана ал Кудай менен тыгыз
байланышта жашайт. 16 Кудай биздин ичибизге салып койгон ошол сүйүүнүбиз
билдик да ага ишендик. Кудай - сүйүү. Сүйүү менен жашаган ар ким Кудай
менен, ал эми Кудай аны менен жашайт. 17 Ушундан улам Кудайдын
сүйүүсүбиздин ичибизде баралына жетет да кыямат-кайымдагы сот
күнүжүзүбүз жарык болот. 18 Сүйүүдө коркунуч болбойт, анткени коркунуч
жаза менен байланыштуу, ошондуктан жеткилең сүйүүкоркунучту кууп чыгат,
ал эми корккон адамда болсо сүйүүжетилген эмес. 19 Биз болсок сүйөлү,
анткени Кудай бизди биринчи сүйдү. 20 Эгер кимдир бирөө "мен Кудайды
сүйөм" деп, бирок өз боордошун жек көрсө, анда ал жалганчы, анткени
көзүменен көрүп турган боордошун сүйбөгөн, көзүкөрбөгөн Кудайды сүйө
албайт. 21 Иса бизге мындай осуят калтырган: "Кудайды сүйгөн ар ким
боордошун да сүйсүн".

# 5

## Ишеним менен сүйүү

1 Ким Исанын Машаяк экенине ишенсе, ал Кудайдын баласы. Атасын
сүйгөн ар ким баласын да сүйөт. 2 Кудайдын балдарын сүйөрүбүздүанын өзүн
сүйгөндүгүбүздөн жана осуяттарын сактаганыбыздан билебиз. 3 Кудайдын
осуяттарын сактаганыбыз, аны сүйгөндүгүбүз. Кудайдын осуяттары болсо оор
эмес. 4 Ким Кудайдын баласы болсо, бу күнөөкөр дүйнөнүжеңет. Дүйнөнүбиз

кантип жеңип жатабыз? Албетте ишенимибиз менен. Исанын Кудай Уулу экенине ишенүүчүадамдан башка бу дүйнөнүким жеңе алат? Эч ким.

### Иса Машаяктын адамзатты куткаруу үчүн келгенине Кудай кепил.

6 Иса Машаяк бизге келип, суу менен канга чөмүлгөн. Сууга эле эмес, суу
менен канга чөмүлгөн. Ыйык Рух буга күбө. Ал эми Ыйык Рух - акыйкаттын
өзү. [7] Демек, үч күбө бар: Рух, суу жана кан. Үчөөнүн күбөлүгүбир. [9] Биз
пенделердин күбөлүгүн кабыл алып жүрөбүз, ал эми Кудайдыкы болсо
алардыкынан салмактуураак, анткени анын күбөлүгүөз Уулунун ким экендиги
тууралуу. [10] Кудай Уулуна ишенген адамдын дилинде Кудайдын
күбөлүгүжашайт. Кудайга ишенбеген адам аны калпычы деп көрсөтөт,
анткени Кудайдын өз Уулу тууралуу берген күбөлүгүнө ишенбейт. [11] Бул
күбөлүктүн мааниси мындай: Кудай бизге түбөлүк өмүр берди жана бул өмүр
анын Уулунда. [12] Дилинде Кудай Уулу жашаган адамда түбөлүк өмүр бар, ал
эми дилинде Кудай Уулу жашабаган адамда түбөлүк өмүр да жок. [13] Мен бул
сөздөрдүКудай Уулуна ишенип, түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билип
алууңар үчүн жаздым.

### Соңку сөз

[14] Кудайдын эркине жаккан бир нерсе сурасак ал бизди угат. Кудай
алдында биз буга терең ишенебиз. [15] Эмне сурасак да бизди уккандыгын
билсек, демек, сураганыбызды бергендигин да билебиз. [16] Боордошунун
өлүмгө алып барбай турган күнөө кылып жатканын көргөн киши ал үчүн
сыйынсын, ошондо Кудай анын өмүрүн сактап калат. Мен өлүмгө алып барбай
турган күнөө тууралуу айтып жатам. өлүмгө алып барчу күнөө бар. Сыйынсын
дегенде мындай күнөө жөнүндө айткан жокмун. [17] Адилсиздиктин баары
күнөө, бирок өлүмгө алып барбай турган да күнөө бар. [18] Биз ким Кудайдын
баласы болсо, ал күнөө жасай бербесин, өзүн сактаарын жана азезилдин ага
зыян кылбасын билебиз. [19] Биз өзүбүздүн Кудайдан экенибизди жана бүткүл
дүйнө азезилдин кол алдында жатканын билебиз. [20] Ошондой эле Кудай Уулу
келип, бизге акыл-эс бергенин билебиз. Андыктан акыйкатты таанып-билели!
Ошол акыйкаттын накта өзүболгон Иса Машаяк менен бирге жашайлы. Иса
Машаяк — чыныгы Кудай жана түбөлүк өмүр.

[21] Балакайлар, өзүңөрдү буркандардан сактагыла!